*УДК: 167.1(575.2)(043.3).*
*DOI: 10.35254/bhu.2020.51.7*

***Бутешова Айзат Раисовна***
*Эл аралык жогорку медициналык мектеби*
*Ф.и.к, доценттин милдетин аткаруучу*

# ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН НЕГИЗИНДЕГИ СТЕРЕОТИПТЕРДИН ФУНКЦИЯЛАРЫ

# ФУНКЦИИ СТЕРЕОТИПОВ В СВЕТЕ СОВРЕМЕННЫХ НАУЧНЫХ ИССЛЕДОВАНИЙ

# FUNCTIONS OF STEREOTYPES IN THE LIGHT OF MODERN SCIENTIFIC RESEARCH

***Аннотация:*** *Бул илимий макаланын негизги максаты – стереотиптердин тил илиминдеги жана лингвистикадагы негизги ролун, алардын негизги функцияларын бөлүп көрсөтүү, стереотип менен адатка айланган ынанычтын айырмасын аныктоо. Буга байланыштуу стереотип, этностереотип, менталитет жана адатка айланган ынаныч сыяктуу түшүнүктөр дифференцияланды. Изилдөө процессинин жүрүшүндө стереотиптердин пайда болуу себептери такталып, аларды алып жүрүүчүлөр, ошондой эле этностереотиптердин булактары аныкталды. Окумуштуу-тилчилер изилдөөлөөрүндө стереотиптер аркылуу адам дүйнөнү чектөөсүз толугу менен таанып билерин баса белгилешти. Стереотиптердин функцияларын ар башка багыттардагы көптөгөн илимпоздор карашкан, өз изилдөө предметине жараша стереотиптердин бири-бирине кандайдыр бир байланышта болгон ар кандай функциялары белгиленип аныкталган. Макалада ар түрдүү мисалдардын негизинде стереотиптер эмоциялык боёкко, чындыкка жана негиздүүлүккө ээ экендиги көрсөтүлдү. Демек, этностереотиптердин негизги функциясы болуп элдин өзү тууралуу көз карашын коргоо, өз маданиятын жана өзүн өзү таанып билүү деңгээлин жогорулатуу эсептелет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *стереотип, коомдук стереотип, этномаданияттык стереотип, коом аралык баарлашуу.*

***Аннотация:*** *Целью данной статьи является выявление основной роли стереотипов в языкознании и лингвистике, выделение их основной функции, определение разницы между стереотипами и предрассудками. В связи с этим были дифференцированы такие понятия как стереотип, этностереотип, менталитет, предрассудки. В процессе проведенного исследования были установлены причины возникновения стереотипов, его носители, а также источники этностереотипов. Ученые-лингвисты в своих исследованиях подчеркивают, что благодаря стереотипам человек узнает мир полным без границ. Функции стереотипов рассматривались многими учеными разных направлений, и в зависимости от предмета исследований ими были выделены разные функции стереотипов, в какой-то мере перекликающихся между собой. В статье на основе примеров показано, что стереотипы обладают эмоциональной окрашенностью, истинностью и обоснованностью. Следовательно, главной функцией этнических стереотипов является защита представлений народа о самом себе, о своей культуре, и повышение уровня самосознания этноса.*

***Ключевые слова:*** *стереотип, социальный стереотип, этнокультурный стереотип, межкультурная коммуникация, предрассудки.*

***Annotation:*** *The purpose of this article is to identify the main role of stereotypes in linguistics and linguistics, highlight their main functions, determine the difference between stereotypes and prejudices. In this regard, concepts such as stereotype, ethnostereotype, mentality, and prejudice were differentiated. In the process of the study,*

*the causes of stereotypes, its carriers, as well as the sources of ethnostereotypes were established. Scientists - linguists in their studies emphasize that thanks to stereotypes a person learns the world complete without borders. The functions of stereotypes were considered by many scientists of different directions, and depending on the subject of research, they identified different functions of stereotypes, to some extent overlapping with each other. Based on examples, the article shows that stereotypes have emotional coloring, truthfulness and validity. Consequently, the main function of ethnic stereotypes is to protect the people's perceptions of themselves, their culture, and increase the level of self-awareness of the ethnic group.*

***Key words:*** *stereotype, social stereotype, ethno cultural stereotype, cross-cultural communication, prejudices.*

Кандай гана илимий изилдөө иши болбосун ал адамзаттын жашоосунун өзгөрүүсүнүн кандайдыр бир чагылышы болуп саналат.

Буга тил илими боюнча илимий эмгектер да кирет. Бул илимий макалада алыскы чет өлкөлөрдөгү стереотиптерди изилдөө чөйрөсүндө аткарылган иштерге таянуу менен тил илими жана лингвистикадагы стереотиптердин ролун, ордун белгилөөгө аракет кылдык. Акыркы жылдары тил илими жана лингвистика боюнча изилдөөлөрдө ой жүгүртүү, тил жана маданияттын бири-бири менен өз ара байланышын жана өз ара аракеттерин кароо актуалдуу болгондугун илимий адабияттардан көрүүгө болот.

Биз адамды коомдон сырткары бөлүп карай албайбыз. Анткени адам коомдо жашайт жана дайыма адамдар менен карым-катышта болуп турат. Идеалында адам жалпы коомчулуктун талкуусуна калбас үчүн өзүнүн бардык аракеттерин коомго багыттап, өзүнүн кыймыл-аракетин, сүйлөгөн сөзүн, мимикасын, жүрүш-турушун баамдап алып жүрүшү зарыл. Адам бала кезинен баштап өзүнө байкалбай эле коомдун, топтун эрежелерин сактай баштайт. Улам чоңойгон сайын өзүнүн каалоолорунан жана аракеттеринен баш тартып, кайсы бир коомдун стандарттуу эрежелерине баш ийе баштайт. Мүмкүн, ал аталган коомдун кандайдыр бир алкагында калат. Ал коомдогу өзүн алып жүрүү боюнча калыптанган эрежени сактап баштагандан тарта, анын каалоолору жана чечимдери билинип калат.

Стереотип – бул жүрүш-туруштун, сүйлөөнүн, мимиканын жестин калыптанып калган шаблону. Алар коомчулук тарабынан башкарылат, кадыресе туруктуу жана байкалбастан улам кийинки муунга өтө берет. Илимий эмгектерде табылган көп жылдык тажрыйбалар жана байкоолор көрсөткөндөй мындай шаблондор (стереотиптер) кандайдыр бир иште бир нече ирет жаңылыштык кетиргенден кийин адамдар тарабынан түзүлөт. Ар бир топ / коомчулук сүйлөөдө, жүрүм-турумда өзүнүн шаблонун же штампын түзөт, ал бара-бара бул коомчулукта бекемделет.

Стереотиптердин келип чыгышы ашыкча маалыматтардан мээни арылтуу үчүн адамдын аң-сезиминин коргонуу реакциясы деп билсе болот. Окумуштуулар эгерде мындай коргонуу болбосо, тынымсыз маалыматтардан аң-сезим чарчамак деп эсептешет. Бул изилдөөлөр стереотиптердин алгачкы негизги функциясы – *коргонуу* экендигин көрсөттү.

Стереотиптерди алып жүрүүчүлөр болуп топ/коомчулук эсептелет, көбүрөөк белгилүүсү этностереотиптер.

Этностереотиптер – этностун стандарттык жүрүм-турумунда калыптанган, бүтүндөй бир улуттун менталитети жөнүндөгү аныкталган түшүнүк. Кадыресе аларга жөнөкөйлүк, бир багыттуулук жана айрым учурларда бурмалангандык мүнөздүү. Этностереотиптердин булагы катары адатка айланган көз караш эсептелинет. [9]

Лингвист окумуштуулар А.П. Миньяр-Белоручева менен М.Е. Покровскийдин биргелешип жазган «Азыркы тилдик мейкиндиктеги этникалык стереотиптер» макаласында бир кездерде калыптанган этностереотиптер массалык аң сезимде бекемделип, өзгөчө өзгөрүүлөргө чанда дуушар боло тургандыгы белгиленген. Алар туруктуу, эмоциялар менен шөкөттөлгөн, этникалык топтун жалпыланган образын берет. [10, 92]

В.А. Маслова «стереотиптер дайыма улуттук болот, ал эми алардын башка маданияттагы аналогу - квазистереотиптер болот, анткени алар толугу менен бирибирине дал келбейт, принципиалдуу жалпы маанилерине карабастан деталдарында, нюанстарында сөзсүз айырмачылыктар болот" деп белгилеген. Мисалы, ар түрдүү элдердин маданиятындагы кезектешүү жагдайын карап жатып, адамдардын жүрүм-турумундагы стереотиптердин айырмачылыктарын бөлүп чыгууга болот. Россияда (ал эле эмес дээрлик бардык постсоветтик өлкөлөрдө) элдер кезектер турганда: «Ким акыркы?» деп сурашат же биринин артынан бири тизилип турган адамдардын артына барып кезекке туруп калат. Айрым учурда кезекте турганда чыр-чатактар чыгып кетет, кээ бир адамдар кезекке туруп коюп, артындагы адамга эскертпестен бир жакка басып кетиши мүмкүн, кайра келгенде кезек бузулуп, чырдашуунун себебин жарататат. Айрым учурларда эки катар кезек түзүлүп, уруш-талаштар жаралган учурлар да кездешет. Кээ бир европалык өлкөлөрдө кезектин номери жазылган дүмүрчөк чыгарып бере турган атайын аппарат бар. Дүмүрчөктү алгандан кийин адам көрүнөө жерде илинип турган таблону карап турат, качан өзүнүн кезеги чыкканда кирет. Мындай стереотиптүү жүрүм-турумдар кезектер турган адамдардын ортосунда контакты талап кылбайт. [4, с.110]

Жогоруда келтирилген мисалдарда көрүнгөндөй Кыргызстандын экономикасы өскөн сайын, жалпы европалык стандарттарга, сүйлөшүү жана жүрүм-турум маданиятынын модернизациясына болгон умтулуулардан улам бул аппарат аркылуу кезек күтүү жагдайы биздин өлкөдө да иштей баштады. Буга байланыштуу банктарда, бейтапканаларда ушундай аппараттар пайда болду. Элдер келип, дүмүрчөк алып, би-

рок биздин коомдо калыптанып калган стереотиптүү адат боюнча элдерден алдыңкы номер кимде деп сурап баштайт. Бул жаңы стереотиптүү жүрүм-турумдар дагы деле биздин коомдо өз ордун таба элек экендигин, бирок жайылтылып жаткандыгын жана жакынкы араларда биздин өлкөдө да бул кадыресе стереотиптүү адатка айланып калаарын күбөлөйт.

Элдин менталитетинин жана маданиятынын негизи болуп жүрүм-турумдагы тубаса жана кийин калыптанган манералар эсептелет, башкача айтканда "маданий стереотиптер". Алар адамга туулгандан тарта кошулуп отурат. Айрым окумуштуулар маданий стереотиптер генетиалык коддо эле бекемделген деп эсептешет. [7, с.47]

Стереотиптердин пайда болуусунун негизги себептеринин бири болуп социалдык функция, башкача айтканда топтун баалуулуктарын, өзгөчөлүгүн, бөтөнчөлүгүн сактоо жана коргоо саналат.

Этникалык психология боюнча адистер жүргүзгөн социалдык-психологиялык эксперименттердин жыйынтыгы көрсөткөндөй экономикасы гүлдөп өнүккөн элдер өздөрүндө акыл, жөндөмдүүлүк, иштиктүүлүк сапаттарын калыптандырышат. Экономикасы анча өнүкпөгөн элдер айкөлдүк, меймандостук, боорукерлик сапаттарын көрсөтүшөт.

С.Г. Тер-Минасова, эки улуттун калыптанган жашоосун изилдеп чыгып: англичан менен орустардын ортосундагы параллелдерди салыштырып, анда англичандар жоопкерчиликтүү, кесипкөйлүктү баалаган, эмгекчил эл, ал эми орустар меймандостукту, акыйкаттуулукту, пикирлешүүнү жактырган эл болоорун белгилеген. [6, с 255.]

А.В. Павловскаянын изилдөөлөрүндө негизги көңүл стереотиптер адамга дүйнө жөнүндө эч кандай чектөөсү жок толук түшүнүк алууга мүмкүнчүлүктөрдү бере тургандыгына бурулган. Ал стереотиптерди тереңдетилген жана үстүртөн деп бөлүштүрөт. [5, с. 16]

*Үстүртөдөн стереотиптер* – акырындык менен калыптанат, башкача айтканда өзгөрүүчү. Коомдун туруктуулугу анын узак жашоосунан көз каранды. Үстүртөн стереотиптерге тарыхый реалдуулук менен түздөн-түз байланышкан образдар-көрүнүштөргө таандык. Алар чынында эле кызыктуу, барыдан мурда тарыхчылар үчүн, жалпы эле коомдо болуп жаткан социалдык-саясий процесстерге кызыккандарга кызыктуу.

*Тереңдетилген стереотиптер* өзгөрүлбөйт. Өзүнүн табияты боюнча алар туруктуу болот, улуттук мүнөз менен этностун өзгөчөлүгүн таанууда маанилүү. Мындай стереотиптер элдерди изилдөөдө, жалпы эеле стереотиптештирүүдө өтө баалуу. [5, с. 17]

Илимий адабияттардын анализи стереотиптердин башкы функцияларын аныктоого мүмкүндүк берди:

У. Липпман боюнча стереотиптердин негизги функциялары болуп:

1) *акыл күчүн үнөмдөө функциясы*. У. Липпман адамдын маданияты чөйрө, кеп, бөтөнчө жүрүм-турумда калыптанган, кайрадан иштелип чыккан тандамалдардан турат деп эсептейт. Стереотиптерди колдонуу өзүнүн күчүн үнөмдөө функциясын тастыктайт.

2) к*оргоо функциясы*. Стереотиптерди колдонуу топтун баалуулуктарын, кадыр-баркын, көз караштарын, пикирин коргоодо көрүнөт. Биздин мээбизде калыптанып калган үмүттүү, манералык дүйнөнүн стереотиптүү картинасы  кайсы бир улуттук салттарынын өзөгү болуп калышы мүмкүн. Дүйнөнүн стереотиптүү картинасында адам ал дүйнөнүн ажырагыс бөлүгү жана ага таандык деп эсептейт. [3, с.330]

Э.П. Чакалованыкы боюнча стереотиптердин төмөнкүдөй функциялары бар:

- даяр жана жөнөкөй маалыматтарды сунуштоо жолу менен адамдын аракетин түшүндүрөт;
- коммуникация боюнча өнөктөштөрдүн жүрүм-турумунун ар кандай формаларын алдын ала көрө билүүгө болот;
- пикирлеш жана өнөктөштөргө болгон мамиле боюнча жеке жүрүм-турумдун негизин калыптандырат (жеке тажрыйбадан улам стереотиптерге өзгөртүү киргизүү зарыл);
- каада-салттарды, үрп-адаттарды, өз маданиятындагы көндүмдөрдү коргойт, дүйнөнү өздүк жана чоочун деп бөлөт (оруска жакшы болсо, немиске – өлүм, чакырылбаган конок – татардан жаман);
- моделдин эталонуну, жүрүм-турумдун стандарттарына таандык коомдун мүчөлөрүн камсыздайт. [8, с. 390]

Орустар менен буряттардын оозеки маектешүүсүнүн стереотиптерин салыштырып изилдеп жатып Р.В.Бухаев өз ишинде этникалык стереотиптердин функцияларын төмөнкүчө бөлүштүрөт:

- *социалдык-этникалык интеграциялоо функциясы*. Биринчиден стереотипти колдонуу таанып билүү күчүн үнөмдөөдө менталдык муктаждыкты канааттандырат. Экинчиден топтун ички ынтымагын, анын башка топтор менен карама-каршылыгын колдоочу коомдун талатаптыран туура келет.

- этникалык стереотиптерди *коргоо функциясы*. Алардан улам "өздүк" коомчулукта эле эмес (автостереотиптер), "чоочун" (гетеростереотиптер) коомчулукта да салттуу баалуулуктарын сактап калат;

- этникалык стереотиптердин коммуникативдик функциясы "өздүк" коомчулуктун өкүлдөрүнүн арасында маалымат алмашуу менен гана бүтпөйт ("өздүктүн" арасынан "чоочунду" таанууга жардам берет);

- *таанып билүү функциясы* – өзүнүн эле микрокосмосунун эмес, тышкы дүйнөнүн образын дагы калыптандырууга жөндөмдүү;

- *манипулияциалык функция* – айрым шарттарда алар саясатты жана идеологияны жайылтуу максатында менталлитетке таасир этиши мүмкүн. [1, 43]

Стереотиптердин эмоционалдык боёгунун болушу коомдун тигил же бул жагдайында инсандык жүрүм-турумуна баа берүүгө таасир этет. Стереотиптердин негиздүүлүгү жана аныктыгы маданият менен түздөн-түз байланышта болуп, элдердин менталитетинде, жүрүм-турумунда жана аң-сезиминде чагылат.

Баарлашууда стереотиптерди колдонуу пикирлештин жүрүм-турумун божомолдоого жөндөмдүү болгон адамдын кайсы бир сапатын өстүрөт.

Стереотиптерди билүү, түшүнүү жана аны колдоно билүү коммуникациядагы алдыга коюлган максаттарга жетүүгө жардам берет. Эгер тескерисинче, стереотиптерди билбөө жана жаңылыш колдонуу көйгөйгө туш кылат. Ошондуктан, маданият аралык, улут аралык коммуникацияда калыпка түшүп калган сөздөрдү өтө этияттап колдонуп же аларды такыр эле колдонбой коюш керек.

Башка элдердин типтүү мүнөздөрүн биздин кабыл алуубуз, элестетүүбүз кандайдыр бир шарттан, алар менен сүйлөшүүнүн формасынан көз каранды. Белгилей кетүүчү нерсе, алдыга койгон максатка жетүүдө баарлашуунун мааниси чоң. Дискриминация боюнча кеңири белгилүү болгондор: расизм, гомофобия, жыныстык жана жаш курак боюнча дискриминация.

Адам кайсы бир коомдун бөлүгү болуу менен алардын арасына сиңишип кетүүгө аракет кылат, же айланасындагылар кандай болушса, ошолордой болууга аргасыз болот. Ал убакыттын өтүшү менен өзү жүргөн чөйрөнүн арасындагылар менен күнүмдүк баарлашуунун процессинде айланасындагылардын таасиринин астында калат. Ошентип билинбестен чөйрөнүн стереотиптерине баш ийет. Коомчулук дагы өзү тарабынан кабыл алууга, же өздөрүнө ылайыктуу кылып өзгөртүүгө аракет кылат. Достор, тааныштар, кесиптештер байкалбастан эле же атайылап анын жүрүм-турумун өзгөртүп коё алат. Адатка айланган көз караштардан баш тартуу үчүн абдан көп аракет кылыш керек, айланадагылардын таасири астында бул мүмкүн.

Демек, жыйынтыктай турган болсок, стереотиптер биздин күнүмдүк турмуштагы бардык лексикабызды толуктайт деп айтууга болот. Алар биргелешип же өз өзүнчө кезигет, биз аларга маани бербейбиз. Бирок бул феномен маданият аралык коммуникация процессинде башка этностордун өкүлдөрү менен өз ара аракеттин астында маанилүү ролду ойнойт. Этникалык стереотиптердин негизги функциясы болуп элдин өзүн өзү, өз маданиятын коргоосу, этностун өзүн өзү таанып билүү деңгээлин жогорулатуу эсептелинет.

***Адабияттар***


*1. Бухаева Р.В. Этнокультурные стереотипы речевого общения (на материале бурятского языка): диссертация на соискание ученой степени доктора филологических наук. / Р.В. Бухаева – Улан-Уде. 2015. – 426 с.*

*2. Гришаева Л.И., Цурикова Л.В. Введение в теорию межкультурной коммуникации. – Воронеж: ВГУ, 2004. – 424с.*

*3. Куницина В.Н., Казаринова Н.В., Погольша В.М. Межличностное общение. – СПб.: Питер, 2001. – 544с.*

*4. Маслова В.А. Лингвокультурология / В.А. Маслова. – Москва: Академия, 2001. – 208с.*

*5. Павловская А.В. Россия и Америка. Проблемы общения культур: Россия глазами американцев, 1850-1880 годы. – М., 1998. – 304 с.*

*6. Тер-Минасова С.Г. Язык и межкультурная коммуникация: учебное пособие/С.Г. Тер-Минасова. – М.: Слово, 2000. – 261с.*

*7. Уфимцева Н.В. Слово и культура/Н.В. Уфимцева // Языковое сознание: содержание и функционирование: тезисы докладов XII Международного симпозиума по психолингвистике и теории коммуникации (1-3 июня 2000г.). М., 2000. С - 253.*

*8. Чакалова Э.П. Национальная специфика языковой картины мира//Актуальные проблемы современного языкознания и литературоведения. Материалы 4-й межвузовской конференции молодых ученых. – Краснодар, 2005. С. 385 – 392.*

*9. Khan, S.R., Benda, T.S., Stagnaro, M.H. (2012). Stereotyping From the Perspective of Perceivers and Targets. Online Readings in Psychology and Culture, 5(1). https//doi.org/10.9707/2307-0919.1043*

*10.Миньяр – Белоручева А.П., Пакровская М.Е. Этнические стереотипы в современном языковом пространстве // «Вызовы XXI века» №2 [8] 2012. С. 90-94*


***Рецензент: д.филол.н., проф. Караева З.К.***